КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ

СУЗАК РАЙОНУ
БАГЫШ АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
БАГЫШСКИЙСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

---

**ЭЛ ДЕПУТАТТАРЫНЫН БИРИККЕН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XII КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫНЫН**

**ТОКТОМ № 2**

**24-октябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

**«Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген бюджеттик чыгымдарына өзгөртүү киргизүү жөнүндө»**

Багыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы, 24.02.2025-жылдагы айылдык кеңештин кезектеги сессиясынын №1-токтому менен бекитилип пайдаланылбай калган акча каражаттарына бюджеттик классификацияга ылайык өзгөртүү жана толуктоолорду киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесинин негизинде төмөндөгүдөй

# ТОКТОМ КЫЛАТ

1. Бюджеттик каражаттан Багыш айылдык кенешинин 24-февраль 2025-жылдагы №1-токтому менен бекитилип пайдаланылбай калган 2 828,2 миң сом акча №1-тиркемеге ылайык кыскартылсын.

2. Пайдаланылбай калган 2 828,2 миң сом акча каражатынын чыгымдоосу бюджеттик баланстуулукту сактоо менен Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 130-беренесине ылайык, №2-тиркемеге ылайык, жумшоосу белгиленсин.

3. 2025-жылдын бекитилген бюджетинин киреше жана чыгаша бөлүгүнө бюджеттик классификацияга ылайык өзгөртүү киргизүү жагы СЭӨБ башчысына жүктөлсүн жана планга тактоо киргизүү жагы Кыргыз Республикасынын финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

4. Аталган токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыялансын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кенешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат корсотуу жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**